Оюнчулар иргелүүдө

# БШК ТИЗМЕЛЕРДИ КАБЫЛ АЛБАЙ КОЮУГА УКУКТУУ



***Быйыл Кыргызстанда парламенттик шайлоолор төртүнчү ирет партиялык тизме боюнча өткөрүлөт. Кечээ, 20-августта шайлоого катышууга бел байлаган саясий партиялар тарабынан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин аныктоо аяктады. Эми алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү 24-августка саат 18.00гө чейин тизмелерди жана тиешелүү документтерди БШКнын кароосуна тапшырышы керек. Мындан сырткары, шайлоого жолдомо алган партиялар 5 миллион сом өлчөмүндө күрөө коюшат.***

Эске салсак, шайлоонун датасы жарыялангандан тарта 44 партия саясий өнөктүккө катышуу ниеттерин билдиришкен эле. Алардын 21и: Агрардык партия, "Демократ", Кыргызстан коммунисттеринин партиясы, "Эмгек", "Бийлик элге", Кыргызстандын Элдик-демократиялык партиясы, "Бирик", "Таза коом", "Кыргызстан эл биримдиги" жана "Жаратман Эл" ж.б. партиялар оюндар башталбай жатып эле жарыштан чыкты. Ошентип, оюнчулардын саны 23кө түштү. Алардын катары октябрга чейин дагы иргелээри шексиз.

20-августка карата "Мекенчил", "Ата Мекен", "Жашылдар партиясы", "Бир Бол", "Чоң-Казат", "Адам – Демократ", "Актив", "Ордо", "Мекеним Кыргызстан", "Республика", "Биримдик" Демократиялык партиясы, "Ыйман нуру", "Нур" Либералдык-демократиялык партиясы, "Мекен ынтымагы", "Кыргызстан", "Социал-демократтар", "Бүтүн Кыргызстан", "Замандаш", "Реформа" жана башка партиялар курултайларын өткөрүшүп, талапкерлердин тизмелерин бекитишти. "Реформа" партиясы талапкерлерди интернеттин жардамы менен тандады.

Бирок, саясат таануучулар аталган партиялардын арасында түзүмү түзүк, идеологиялык айкын багыты бар саясий бирикмелер жок экендигин айтышууда. Шайлоого аттанган партиялардын баарысына курулай демагогия жана тарпы чыккан популизм мүнөздүү, аларда идеологиялык багыт жок – максат бирөө гана: кандай жол менен болсо да мандат алуу. Буга чейин деле Жогорку Кеңеште бири-бири менен идеологиялары боюнча атаандашкан, өз электоратынын кызыкчылыгын коргой билген партияларды эч ким көргөн эмес. Алардын мүчөлөрү өз партиясынын максатын жөндөп билишпейт. Бул жагдай партиялардын кедери качып, артына кеткенин далилдеп турат. Партиялардын басым-дан ойгонушуп, чээндеринен чыгышты десек да болот. Алардын максаты – добуштарды сатып алуу менен болсо да жеңишке жетишип, эч кандай идеология-мидеологиясыз, программасыз эле Жогорку Кеңеште үстөмдүк орнотуп, кызмат бөлүштүрүү боюнча өз талабын мамлекетке тануулоого багытталган. Партиялар үчүн тизмеге биринчи кезекте олигархтарды жана криминалдык чөйрөнүн өкүлдөрүн кошуу салтка айланууда. Айтсак, алтынчы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин дээрлик бардык депутаттарын жана саясатта эбак ыдыраган эски ысымдарды "Ата Мекен", "Республика", "Бир Бол", "Бүтүн Кыргызстан", "Кыргызстан", "Мекеним Кыргызстан", "Замандаш" жана башка партиялардын тизмелеринен көрүүгө болот.

"Мекеним Кыргызстан" партиясы өзүнүн Карамушкинасын тапты - талапкерлеринин арасынан Бишкек шаарынын мурдагы вице-мэри Татьяна Кузнецованы көрүүгө болот. "Ата-Журт" партиясынын лидери, экс-спикер Ахматбек Келдибеков да "Мекеним Кыргызстанга" шерик болду. Ал эми БШКнын мурдагы төрагаларынын бири Түйгуналы Абдраимов "Республика" партиясынын, экинчиси Акылбек Сариев "Реформанын" тизмесинде. Коронавирустун кесепети менен вице-лик кызматынан ажыраган Алтынай Өмүрбекова жана Өкмөттүн Талас облусундагы мурдагы өкүлү, "ата мекенчи" Койсун Курманалиеваларга да "Республиканын" тизмесинен орун табылды. "Замандаш" алдыңкы саптагы талапкерлердин катарына ЖАМКнын төрагасы Мелис Турганбаевди, алтынчы чакырылыштын акчалуу депутаты Айсулуу Мамашеваны, экс-башкы прокурор Элмурза Сатыбалдиевди, ишкер Имамидин Ташовду кошту. Ал эми "Ата Мекен" – Жаңы дем" альянсынан күтүүсүз баш тарткан экс-премьер-министр Темир Сариев "Ак Шумкар" ... Ражап Баялиевге өткөрүп берип, өзү "Бүтүн Кыргызстан" командасы менен шайлоого аттанды. Жогорку Кеңештин төрагасы Дастанбек Жумабеков бул ирет "Кыргызстан" партиясынын тизмеси боюнча бактысын сынап көрөт.

Негизи кимдер жана кандай жарандар депутаттыкка талапкер боло алышат? Мыйзамга ылайык, шайлоо күнү 21 жашка толгон Кыргызстандын жараны депутаттыкка талапкерлигин көрсөтүүгө укуктуу, башка өлкөлөрдүн жараны талапкер боло албайт. Бир адам бир гана партиянын тизмесине кире алат. Акылынан ажыраган, ойлонууга жөндөмсүз деп табылган жарандар жана кылган кылмышы үчүн жаза мөөнөтүн өтөп жаткан адамдар шайлоого катыша албайт, ал эми мурда соттолгондор болсо, жаза мөөнөтүн өтөп бүтүүсү зарыл.

Тизмеге канча талапкерди киргизүүгө болот? Жалпы сан 75тен көп, бирок 200дөн ашпоосу, бир жыныстагы талапкерлер 70%дан көп болбошу шарт. Жаш курактары боюнча талапкерлердин 15 пайыздан кем эмесин 35 жашка чейинкилер, дагы 15%ын башка улуттун өкүлдөрү түзүшү керек. Ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген эки талапкер тизменин алдыңкы 50 сабына кошулуусу милдеттүү. Борбордук шайлоо комиссиясы тизмени карап чыгып, аны кабыл албай коюуга да укуктуу. Бир партияга 65тен ашык мандат берилбейт.

Мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлер, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү талапкерлиги коюлган күндөн тарта шайлоо жыйынтыгы жарыялангага чейин иш-мердүүлүктөрүн токтотууга милдеттүү.

Кошумчаласак, жакында "Жалпы иш" деп аталган коомдук фонду алдыдагы парламенттик шайлоо боюнча жарандардын мамилесин билүү максатында социалдык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ага ылайык, шайлоочулардын 75,6%ы добуш берүүгө катышат, бирок, 82,3%ы кимге добуш беришээрин билбейт. Дагы бир сурамжылоо 14-18-август аралыгында Limon.KG сайты тарабынан жүргүзүлгөн жана ага катышкан жаштардын 83.9%ы парламенттик шайлоого ниеттенген партиялар арасында татыктуулар жок деп жооп кайтарышкан.

Дайындоо

# ЖАҢЫ РЕКТОР ӨЗ ИШИН БАШТАДЫ

***Кыргыз-Түрк "Манас" университети Кыргызстан жана Түркия ортосундагы достуктун алтын көпүрөсү катары билим берүүдө эл аралык үлгүгө жооп бергидей багытта иш алып барууда. Аталган окуу жай өз ишин баштаган мезгилден тартып бир гана өсүүнүн жолунда келет. Бул окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү иш менен камсыз болууда да алдыңкы сапта тураарын тана албайбыз. Албетте, билим берүү сапатынын жогору болушу бирден бир себеп. Мындай ийгиликтердин башаты сөзсүз жетекчинин иш билгилигинин таасиринен экенин байкоого болот. Дүйнөнү багынтууга белсенген Кыргыз-Түрк "Манас" университети жакында жаңы жетекчилүү болду. Тагыраак айтканда ректор болуп профессор, доктор Алпаслан Жейлан мырза дайындалды.***



Алпаслан Жейлан мырза байыркы дүйнөлүк тарых, түрк маданияты, тарыхый география жана стратегия боюнча адис болгондуктан, акыркы 25 жыл аралыгында Чыгыш Анатолия, Түндүк Чыгыш Анатолия, Кавказ жана борбордук Азиянын байыркы тарыхы боюнча эл аралык илимий изилдөөлөрдү, казууларды жана долбоорлорду жүргүзүп келген. Көптөгөн мамлекеттерде, анын ичинен Кыргызстанда да түрк маданияты жана тарыхы боюнча илимий долбоорлорду жүргүзгөн. Ушунун өзү Кыргызстандан, кыргыз элинен, салтынан, үрп-адатынан толук тааныштыгы бар экенин далилдеп турат. Кыргызстанга келе жатып, кыргыздар отурукташкан Вандын Эржиш аймагына караштуу Улуу Памир айылына кайрыла келген. "Кыргызстанга болгон терең сүйүү жана урматыбызды Эржиш-Улуу Памирден баштадык" – деп Алпаслан Жейлан мырза аталган айылдагы кыргыз туугандарынын үйүндө конок болуп, өткөндөргө багыштап куран окуп, аксакалдардын батасын алып, айыл-апанын дасторконунан даам сызып, эл менен кеңири баарлашып кайткан. "Ата Журтуна жолдогон саламдарын алып келүү биз үчүн маанилүү максаттардын бири. Улуу Памир айылында жашаган кыргыз бир туугандарыбызга буга чейин көрсөткөндөй эле, мындан кийин дагы социалдык-экономикалык жана маданий багыттагы колдоолорубуз улана берет"-дейт ректор, профессор, доктор Алпаслан Жейлан. Мына ушундайча көңүл жылыткан жолугушуулардан соң ректор мырза өз ишин 18-августтан тарта баштады.

КТМУнун эмгек жамааты жаңы ректорду жылуу кабыл алышып, өзүнүн бай тажрыйбасы менен бөлүшөт деген терең ишенимде экендиктерин билдиришти.